УДК: 801.81
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-549-557

**Толубаева Ч.Д.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
Каракол ш.
tolubaevacolpon@gmail.com

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ "КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ" ЭПИЗОДУНДАГЫ АДАМДЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Аннотация.** "Көкөтөйдүн ашы" бөлүмү- "Манас" эпосундагы өзөктүү окуяларды камтыган эң чоң эпизод. Бул бөлүмдө адам жашоосундагы рухий баалуулуктар болгон нарк-насилдер, элдин улуулугун даңазалаган, ошондой эле адам баласынын турмушундагы каада-салттардын маңызын камтыган орчундуу маселелер чагылдырылгандыгы белгиленет. Өзгөчө белгилей кетчү маанилүү жагдай эпизоддо кыргыз элинин маркумга арналган сый тамак болгон аштын мааниси көрсөтүлөт. Аштын негизги мааниси маркумдун урматына арналып кыргыз элинин улуттук оюндары чоң байгелер коюлуу менен өткөрүлөт. Ушул сыяктуу бул "Көкөтөйдүн ашында" дүйнөнүн булуң-бурчунан меймандар келет. Келген меймандарды тосуп алуу менен сый көрсөтүүдө улуттун каада салттары, үрп-адаттары менен кошо кыргыз элинин адам баалуулуктары көрсөтүлөт. Андыктан макалада эпостогу адамдык баалуулуктар жана үрп-адат, каада салттардагы маани чечмелеленет.

**Негизги сөздөр**: эпос, эпизод, аш , рухий дүйнө, адамдык баалуулуктар, каада-салттар, үрп-адаттар , улуттук оюндар.

**Толубаева Ч.Д.**
кандидат филологических наук, доцент
Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова
г. Каракол
tolubaevacolpon@gmail.com

# ОТРАЖЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ В ЭПИЗОДЕ «ПОМИНКИ КОКОТЕЯ» В ЭПОСЕ «МАНАС»

**Аннотация.** Глава «Поминки Кокотоя» — самый большой эпизод, содержащий основные события эпоса «Манас». В этом разделе отражаются духовные ценности, прославляющие величие народа, а также глобальные вопросы, раскрывающие значимость обычаев и традиций в жизни человека. Основной смысл поминок в том, что в честь умершего проводятся национальные игры кыргызов с большими призами. Точно так же на «Поминки Кокотоя» приезжают гости со всего мира. При встрече гостей показаны общечеловеческие ценности кыргызского народа, обычаи и традиции нации. В статье трактуется значение общечеловеческих ценностей, анализируется значение традиций.

**Ключевые слова:** эпос, эпизод, поминка, духовный мир, гости, национальные игры, общечеловеческие ценности, традиции, обычаи.

**Tolubaeva Ch.D.**

Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Issyk-Kul State University named after K.Tynystanov
Karakol c.
tolubaevacolpon@gmail.com

## REFLECTION OF HUMAN VALUES IN THE EPISODE "KOKOTEY'S WIRE" IN THE EPIC "MANAS"

**Annotation.** The chapter "Kokotoy's Wake" is the largest episode containing the main events of the "Manas" epic. This section reflects spiritual values that glorify the greatness of the people, as well as global issues that reveal the significance of customs and traditions in human life. The main meaning of the commemoration is that in honor of the deceased, national Kyrgyz games with big prizes are held. In the same way, guests from all over the world come to "Kokotoy's Wake". When welcoming guests, the universal human values of the Kyrgyz people, customs and traditions of the nation are shown. The article interprets the meaning of universal human values and analyzes the meaning of traditions.

**Key words:** epic, episode, wake, spiritual world, guests, national games, universal values, traditions, customs.

Көкөтөй Ташкенттин бери жагында, Чыйырчыктын тоосунда турган кыргыздардын башчысы болгон. Манас кырк үйлүү кыргыз элин Алтайдан Ала-Тоого көчүрүп келип, калмак-манжуу баскынчыларды сүрүп чыгарып, ар кайсы жерде баш калкалап жүргөн кыргыздарды чогултуп жатканда Көкөтөй карыя баскынчыларга каршы турууга аскерлери менен келип Манаска жардам берет. Манаска биринчилерден колдоо көрсөткөндүгү үчүн Көкөтөй кыргыз элинде аброю көтөрүлүп, урмат-сыйга ээ болот. Бирок Көкөтөй 75 жашка келгенге чейин бала көрбөйт. Балалуу болсом деген тилеги кабыл болуп 70 кошчу жигити менен кулан атып, бөкөн кууп, мергенчилик кылып жүрүп, Кайыпчынын белинде, кайнаган ысык чөлдөн бала таап алып, өзүнө уул кылат. Уулунун атын Бокмурун коюп чоң той берет. Кыргыз элинде оболтодон жетимчиликке астейдил мамиле кылып келген. Жарыкчылык жашоого жаралган ар бир наристе кароосуз калбай ата-эне мээриминде чоңоюлушу керек. Мындай маселеге кыргыз элинин башында турган эл багаарлар олуттуу карап, алар үчүн камкордук көрүп келишкен. Баланы асыроо, ага татыктуу жашоо жана тарбия берүү менен адам турмушундагы эң чоң көйгөй гумандуулук маселеси каралган. Бала асыроонун тереңинде адам баласынын баалуулугунун түпкү терең сыры жатат. Андыктан Көкөтөй карыя таап алган баланы асыроо аркылуу чоң вазийпаны аткарат. Ал бала адам баласынын, өзүнүн тирүүлүктө жасаган ишин улантуучу тукуму болот. Уулун аман-эсен эр жетилтиш үчүн Көкөтөй ырым-жырымдарды да колдонгону айтылат. Асырып алган баласына бирөө кастык кылып зыян болбосун деп кароолчу коюп, жети аялга бактырып, эч нерседен кем кылбай, бала аман-эсен чоңоюп турсун үчүн ар күнү садага чаап, сойгон малын элге таратат. Демек Көкөтөй карылыкка жеткен маалда тапкан уулун адам кылып чоңойтуш үчүн көп иштерди кылат. Бокмурун 12 жашка жеткенде , ашынган тентек чыгат. Бокмурун урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай, соодагерди сабап, кербенчини камайт. Көкөтөйдүн куштай учкан Мааникер атын минип алып, дүйнө жүзүн кыдырып , үйлөнүүгө ылайыктуу кыз издейт.

Көкөтөй карыя узак карылыкка жеткенде бул дүйнө менен кош айтышат. Уулу Бокмурун Көкөтөйдүн урматына чоң аш өткөрүүнү туура көрөт. Ашка куштай учкан Мааникер ат менен жаш Айдарды дүйнөнүн төрт бурчунан меймандарды чакырууга жиберет. Бокмурун атасынан калган байлыкка мас болуп, Манаска Көкөтөйдүн каза болгондугу тууралуу кабар билдирбейт. Манас Көкөтөй карыяга топурак салбай калат. Ошондой эле атасынан калган сансыз мал, казына толтура алтын анын көзүн май бастыртып, Манасты ашка чакырбай коёт. Бирок кыргыз элинин кутман карыясы, даанышман Кошой карыяга аш берүү демилгесин билдирип, ашты кайсыл жерде өткөрсө, келген меймандарды тосуу жогорку деңгээлде боло турганы үчүн кеңеш курат. Мына ушул жерден баштап кыргыз элиндеги меймандостук, кыргыз элине тийиштүү үрп адаттар, каада – салттар менен кошо улутка тийиштүү баалуулуктар камтылып кетет. Ашка чейин маркумду акыркы сапарга узатуу эрежеси көрсөтүлөт. Көкөтөйдү эң биринчилерден болуп ашка даярдык көрүлүү менен кыргыз элинин мейман күтүүдөгү адамдын жүрүм-турум этикасына байланыштуу эрежелер каралган. Аксакалдар жыйын куруп , ашты өткөрүү жерди тандашат.

“Манас” эпосунун аталган бөлүмүндө кыргыз элинин жашоосуна, жай турмушуна байланыштуу бардык маселелер, баалуулуктар чагылдырыган. Көкөтөйдүн өлүмү менен кыргыз элиндеги маркумду акыркы сапарга узатуудагы диний жөрөлгөлөр, каада-салттар майда-чүйдөсүнө чейин, адегенде шарыят жолунда сөөктү көмүү жөрөлгөсү сүрөттөлөт. Көкөтөйдүн жата турган жайын даярдоодо кабырын кенен кылат. Маркумдун жаткан жери жарык болсун үчүн “көөхар менен жакуттан” аяк-башына койдургандыгы белгилүү болот. Ушул сыяктуу эле эл сыйлаган кадырлуу адам көз жумса, маркумду зам-зам суусу менен жуудуртуп, кепинин “суптан”кийгизгенин, сөөк жуугандарга атайын сыйлык катары “бадана” белек кылдыртканы манасчы тарабынан баяндалат. Ошондой эле ислам дининин маркумду узатуудагы шарыят менен жаназасы окулгандыгы манасчы тарабынан сыпатталат.

“Билгичтерден сураган;
Билгендерден кеп угуп,
Суптан кепин кылдырсаң,
Сонун болот деп угуп,
Желбегей торко кийгизип,
Желмаянды мингизип,
Супка салып оротуп,
Көкөтөйдүн сан дүйнө
Мына минтип короткон.
Замзам суу менен жуудуруп,
Баш-аягын ырымдап.
Сарпайы менен буудуруп,
Тулун туура тарттырып,
Көкөтөйдүн жоктоосун
Күлайымга айттырып” [5, – 8 б].

Ушул сөөк узатуу, же болбосо маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаты ислам дининин негизинде жаназага туруу, куран окуу, маркум үчүн дубаларды окуу бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген диний жөрөлгө экени ырас. Мындай маркумду узатуу маданияты ушул эпизоддо ийне жибине чейин сүрөттөлөт. Ушул жерден окумуштуу С.Бегалиевдин “Эпос-это не только поэтическое произведение искусства. На ранних стадиях своего развития эпос

является и философией народа, и одновременно отражает его религиозные представления» деп айтканы ушул эпизодго карата айтылгансып биздин пикирибизди тастыктайт [4, – 31 б].

Кошок кыргыз элинин үрп-адатына тийиштүү жөрөлгө болуп саналат. Кошокту жөн эле ый аралаштырып, өлгөн адамды жоктобостон, ошол адамдын тирүүсүндө эл үчүн жасаган эмгектери атайын чыгармачыл адам тарабынан, кошокчу жамактатып обон менен айтат. Бул ашта Күлайым баштаган Көкөтөйдүн алтымыш аялы кошок кошот. Кошок аркылуу алыс-жакындан келген меймандар өлгөн адамдын ким экендигин билишет.

Кыргыз элинде аштын негизги максаты маркумга арнап , анын урматына бир канча малды курмандыкка чалып чыкырылган меймандарга тамак берүү болуп саналат. Мына ошондой аштын бирин Бокмурун атасы Көкөтөйгө арнап бүткүл дүйнөнүн булуң бурчунан меймандарды чакырат. Ашка меймандар менен кошо уруу аксакалдары, кары-картаңдар, колунда жоктор менен бирге жетим, жесирлер да катышат. Сый тамактын мааниси элден бата алуу болуп саналат. Ошондой эле колунда жок, жетим-жесирлердин курсагын тойгузуу менен соопчулук иштер жасалган. Ашты өткөрүү тартибин бекитүү үчүн кыргыз элиндеги аксакалдар чакыртып жыйын өткөрүшөт. Ашка келген меймандарды наараазы кылбай тосуп алуу үчүн жайытка кенен, отун, сууга мол жерди табууну ылайык көрүшөт. Анткени төгөрөктүн төрт бурчунан келген меймандардын аттары ачка байланып турбастан алар жайытка жайгаштырылышы абзел. Ашты башкаруу милдети Кошой карыяга жүктөлөт. Жыйынга келген эл башчылары Каркыра жайлоосун тандашат.

“Канаты чарчап талыккан
Сары-Аркаң суусуз чөл экен,
Жылаңач жаткан жер экен,
Суусамырга барышсак,
Өйүз-бүйүз жери тар,
Найзанын башы чабышар,
Адамдын башы кагышар,
Калайык батпай турушар,
Кабагы жаман тырышар.
Мен көргөмүн далай жер,
Ат бороюн сыдырып,
Ай ааламдын баарысын
Айланып жүрүп кыдырып.
Аты угулат Каркыра,
Артыкча башка ошо жер,
Аңыз кылат биздин эл.
Мүдүрүлөр аңгек жок,
Суур жеген кемер жок,
Каркыранын түзүндө
Нелер бар да , нелер жок!
Сай-сайынан шаркырап,
Миңден булак куюлган,
Үкүрчүнүн оюна,
Үч капкактын боюна,
Кемегени казчуу жер,
Керилген өзөн-Кеген суу,

Кең бойлоп атты чапчуу жер.
Кең тамаша салчуу жер”[5, 13-14 бб.].

Кыргыз эли байыртадан чакырылган меймандарды жогорку деңгээлде тосуп алуу үчүн чоң камылга көрүп келишкен. Биринчиден, ашка келген элдин кысылбай эркин жүрүшү үчүн, алардын канаты болгон аттары үчүн да ылайыктуу жер тандашат. Экинчиден, жаратылышы кооз, көргөндүн көз жоосун алып, эстетикалык ырахат тартууланат. Үчүнчүдөн, улуттук оюндар: ат чабыш, жамбы атуу, эр сайыш, балбан күрөш сыяктуу оюндарды өткөрүүгө кенен, түз жер болуусу абзел. Төртүнчүдөн, сый тамакты бышыруу, меймандарды эс алдырып боз үй тигүүдө Каркырадай жайыты кенен жайлоо туура келген. Суусунду кандырууга, эт бышырууга Каркыранын шаркыратма чоң суусу ылайык, ошондой эле этти бышырганга отун кенен болгон.

Кыргыз элинин өзүнө гана тийиштүү адамдык жогорку сапаты меймандостук экенин эч ким тана албайт. Оболтодон кыргыз эли кудайы келген конокту тышка таштаган эмес. Кандай мейман болбосун, кудайы конок деп, курсагын тойгузуп, бутун сундуруп эс алдырган. Ал эми атайын чакыртылган меймандарды сыйлоодо көңүл ачуучу оюн-зооктор менен коштолгон. Келген меймандарды тосуп алып, ар бирине камылга көрсөтүлөт. Ашта меймандарга болгон камкордук, ашка болгон даярдануу чоң түйшүктөр, чоң эмгектердин натыйжасында түзүлгөн. Көкөтөй карыянын урматына өткөрүлгөн бул аш тууралуу окумуштуу Советбек Байгазиев: “Көкөтөйдүн ашы” жер үстүндөгү калктардын эл аралык форумуна окшойт. Айтылуу бул ашка Бүткүл Орто Азиянын, Сибир, Алтай аймагынын түркүн калктары гана эмес, алыскы Орхондон, Монголиядан, Жапандын Сыймун аралынан, Кангайдан, Кытайдан, бер жагы Чыгыш Түркстандан, тиги жагы Индостандан, Оогандан, ары жагы Крым менен Урумдан эл чакырылат. Кыскасын айтканда, “Манастагы” “Көкөтөйдүн ашы” бүгүнкү замандагы дүйнөлүк олимпиаданы элестетип кетет, тагыраак айтканда, азыркы спорт оюндарынын эл аралык олимпиадасынын алгачкы прообразы өңдүү. Дүйнөлүк олимпиаданын туңгуч өрнөгү эзелки кыргыз эпосунда берилген десек жаңылышпас элек деп айткан маанилүү пикириндегидей аштын чынында эл башында турган адамдардын көзөмөлүндө ойлонуштурулуп, эл аралык деңгээлде уюштурулганы баамдай алабыз [3, 8 б.].

“Кара кытай төрөсү.
“Кан Жолой кирип келгенде,
Азгынакай кыргыздар
Как жарылып дыркырап,
“Келгин, мейман, келгин”-деп,
Кеп айтпай баары чуркурап,
Жаадай учуп жүгүрүп,
Көкөтөйдүн балбаны
Жолойдун атын алганы.
Тоодой болгон Жолой дөө
Кампайып түшүп калганы.
Аркасынан кытайы
Уй түгүндөй уюлгуп,
Кошо түшүп турганы,
Кытайдын күчөп жаңжалы,
“Келдиңизби мейман?” –деп.

Чоӊ Жолойдун алдына
Бокмурун басып барганы.
Кытайлардын Жолойдун
Жээр ашын камдады.
Жайнаган кытай келген соӊ,
Журт коркконун билген соӊ.
Көкөтөйдүн кызыл алтын жамбыдан
“Мөөсүлүӊүз ушу”-деп,
Алдына тарта салганы.
Кытайлардын кан  Жолой
Карап туруп балага
Ыраазы болуп калганы.
Кан Жолойдун союшка
Көкөтөйдүн сан кара
Тобун чечип айдады.
Жүктөп келген кара арак,
Көөкөр менен бир арак,
Балакет чыккан жашынан
Көкөтөйдүн Бокмурун
Камдап койгон башынан.
Алты жага бир көөкөр,
Суусунуна берди дейт,
Дүнүйөнү түптүгөл
Чоролорго бөлдү дейт” [5, 27-28 б.].

Ашка келген меймандардын жатагы,  ичээр тамагы, суусундугу бардыгы алдын ала пландаштырылып,  аларды күтүп алууга   даярдыгы бар  мыкты жигиттер тандалган.  Бул аш чынында жогоруда окумуштуу С.Байгазиев белгилгендей бүгүнкү дүйнөлүк олимпиаданын алгачкы прообразы болгондугу ырас. Келген меймандарга бардык шарттар каралып жатат. Меймандар тамак жеп, улуттук оюдарды көрүп кетүү менен эле чектелбестен, ар бир оюнга катышып чоӊ байгелерди утуп алуу үчүн, өзүлөрүнүн бүгүнкү термин менен атаганда спортчуларын даярдап келишкен. Аш улуттук оюндарды өткөрүү менен маанилүү болгон. Ар бир оюнга катышкан элдин оюнчусу өз элинин   аброюн көтөрүү үчүн аракет кылган.

“Көкөтөйдүн ашы эпостогу орчундуу маселерди көтөргөн эпизод. Жогоруда белгилегенибиздей кыргыз элинин кадимки кадыр эсе турмушун чагылдыруу аркылуу адам өмүрүндөгү баалуулуктар камтылгандыгы ырас. Ал биз белгилеген  “бала асыроо”, “садака берүү”, улуттук кулк-мүнөзгө жараша тарбия берүү жагдайлар, ошондой эле кыргыз элинин каада-салттары, үрп адаттары, ырым-жырымдар чагылдырылат.

Эпостун аталган бөлүмүндө  ушул сыяктуу эле  адам баласынын кулк-мүнөзүнө тийиштүү айкөлдүк менен кечиримдүүлүк каармандардын образдары аркылуу жогорку деӊгээлде чечмеленет. Белгилей кете  турган болсок,  Бокмурун атасынан калган байлыкка көзү байланып, ашка баатыр Манасты чыкырбай коюу менен  кыргыз элинин эркиндигин жоготуп коюу коркунучуна кептелтет. Мындай айтууга анын эзелтеден кыргыз эли менен кармашып келген калмак-манжуу, кытай элин ашка чакырат. Алар ашка келип, сый –урмат менен мейман болбостон, башаламандык уюштуруп, Манастын жогун баамдагандан кийин, Мааникердин шылтоосу менен элди сабап, жаш балдарды кулдукка, кыздарды күӊдүккө

олжолоп кетүүнү эп көрүшөт. Мына ушул жерде карапайым кыргыз элинин аш беребиз деп келип эркиндигибизден ажырап калбасак деген психологиялык чочулоолору көрсөтүлөт.

“Эркин жаткан эл элек,
Эми талоон болдукпу?
Эстебей келип бул ашка,
Көкөтөйдүн арам сийдиги
Мындан кордук көрдүкпү!
Кумурскадай эл жыйып,
Бизге кылган бузугу ,
Айтса кеби түгөнбөйт
Келген элдин кызыгы!
Шибээсин кудай урат бейм?
Аламан коюп, найза алып,
Түк койбой баарын кырат бейм!
Көпкүлөңдүн кордугун
Көргөнү келген экенбиз.
Жер жайнаган душмандан
Өлгөнү келген экенбиз” [5, 28-29 б.].

Бокмурун жаштык кылып, ката кетиргенин түшүнөт. Бирок анын кетирген катасынан улам карапайым калк бушайманга түшөт. Мына ушул жерде адеп-ахлактык, нравалык маселелер камтылат. Бокмурундун ашка чакырбай койгон кылыгына баатыр Манас ачууланат. Манас Бокмурунду эсине келтирип, элин чаап, өзүн катуу жазалагысы келет. Анткени анын кылыгынан улам Манас Көкөтөй карыяга топурак салбай калат. Топурак салуу мусулманчылыкта чоң парз болгон. Карыянын алдында өзүнүн парзын аткарбай калуу, баатыр үчүн кечиримсиздикти билдирген. Андыктан мындай кырдаал түзүлүп калганына Манас ачууланып Бокмурунду жазалоого ашыгат. Анын мындай кадамын акылман Бакай туура түшүнөт, бирок Манастын куру намыстын курмандыгы болуудан сактайт.

“Арыстан Манас кабылан
Бокмурун чаап алам деп,
Ак жолборстой чамынып,
Айкырып атка мингенде,
Акылман Бакай көк жалың
Арага түшө калыптыр.
“Барып чаап алгыдай,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Сыдырмак ала тоо эмес,
Салмакташар жоо эмес.
Жетимди чапкан болобу?
Жеткилең иши оңобу
Балага барып катылып,
Уятка ишиң чатылып,
Ошондо ишиң оңобу?”[5, 48 б.].

Бакай -эпосто акылмандыктын жана даанышмандыкты чагылдырган каарман. Манастын ачуусу чукул болсо, Бакай ар бир ишке кыраакылык менен караган. Бакай Манастын ар бир кадамын туура жолго салып, туура кеңеш берген. Баатырдын куру

намыстын курмандыгы болуудан сакташ үчүн, кечиримдүүлүк менен айкөлдүк сапаттарын арттырууга ар дайым аракет кылган. Бакай менен Манас бири бирин толуктап турган. Манас куру намыстан элдин эркиндигин, тагдырын жогору койгон. Эч убакта элдин эркиндигин экинчи орунга койгон эмес. Бокмурундун акылсыздыгынан улам ашта башаламандык башталат. Нескара, Коңурбай, Жолой биригип, өз ара кеңеш куруп, кыргыздын баатырларына көз кырын салып, алар менен алышсак , эл үчүн турган баатырларды сынынан өткөрөт. Манасы жок, башкаларын жеңе алаарларына көзү жетет. Ушул жерден улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун "Манас" эпосу гуманизмге сугарылган" деп айткан баалуу пикири ушул эпизодго карата айтылгансып эркиндик үчүн, Мекендин тынчтыгы үчүн болгон согуштар баяндалганы менен тереңинде гумандуулуктун уюткусу жатат [1. 17б]. Манас таарынып ашка барбай койбойт. Ал Бокмурунга таарынып, жалпы кыргыз элинин тагдырын талаага таштатпайт. Манас айкөл жана кечиримдүү болгон. Анын айкөлдүгү менен кечиримдүүлүгүндө чек жок. Кыргыз элинин тагдырын таарынычтын курмандыгы кылбай, ашка келип, калмак-манжуунун кысмагында калган карапайым калкка калканыч болот. Албетте Көкөтөйдүн ашында Манас баатырдан башка Кошой, Эр Төштүк, казактардан Көкчө, эштектерден Жамгырчы айтор ар бир элдин эл багаар баатырлары бар эле. Бирок Нескара, Коңурбай, Жолойлордун көп колу аларга турууштук бере алмак эмес. Ошондуктан Манастын карааны көрүнгөндө Кошой карыя баш болуп, жашбалача кубанып, кайратына келип, күчүнө күч кошулат. Манас кырк жигити менен ашка келип, бат эле тартип орнотот. Башаламандык уюштурган конокторго мейманга сыйлап чыкыргандан кийин, тынч отуруп конок бол деп эскертүү берет. Анын бир караганда бир киши, бир карасаң миң кишиникиндей сүрү калмак-манжуу, кытайлардын эсине келтирет.

" Чогулганың калың журт  
Көкөтөйдүн ашы экен,  
Башы жок бурут ал эмес,  
Карыя Кошой башы экен.  
Ардактап ашка чакырдым,  
Абийириң менен этиң же,  
Ак сакал болсоң, сый көрүп,  
Алдында койдун башын же.  
Алуучу душман сен эмес,  
Алдыруучу кыргыз мен эмес.  
Чаптырчуу кыргыз мен эмес,  
Чабуучу душман мен эмес,  
Күчүңдү коюп, ашың же, калмак!  
Каадаңды бузбай отуруп,  
Конок деп тарткан башың же!" [5, 57 б].

Манас кырк жигити менен ашта талап-тоноочулук уюштуруп, кызматта жүргөн карапайым элдин тынчтыгын бузгандарды эсине келтирип, бирок Көкөтөй карыяга арналган ашты өз каадасы менен аягына чейин өткөрүш үчүн аларды кечирет. Андыктан Манастын образы аркылуу кыргыз элинин улуттук кулк-мүнөзүнүн асыл сапаттарды алып жүргөн адамынын үлгүсү чагылдырылуу менен катар адамдык баалуулуктар менен бирге жалпы дүйнө элин ынтымакка, биримдикке чакыруу идеясы көрсөтүлөт.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Айтматововдун асыл ой берметтери. – Бишкек, 2016. – 17-б.
2. Ауэзов М. О времени возникновения эпоса “Манас”. - В кн: Энциклопедический феномен эпоса “Манас”,1995. – 122-б
3. Байгазиев С.Улуу “Манас” эпопеясы-дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. – Бишкек, 2016. – 8-б.
4. Бегалиев С.О поэтике эпоса “Манас”. – Бишкек, 2024.31-б.
5. КМУнун Жарчысы. – №2.2022.
6. Манас. Көкөтөйдүн ашы. – Фрунзе, 1959. – 300-б.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Кадыркулова У.К.**